# Башкаруучулар 1



Published by the Comic Bible Society, LLC
Copyright © 2021

Kingstone Comics maintains copyright to this comic book as provided by United States copyright law.

Print and digital copies of this version may be freely distributed without penalty under a Creative Commons license.


ЖАШЫЯНЫН КӨЗҮ ТИРҮҮСҮНДӨ ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ КУДАЙГА КЫЗМАТ КЫЛДЫ.
ЖАШЫЯ ӨЛГӨНДӨН КИЙИН, ТЕҢИРДИН ЫСРАЙЫЛ ҮЧҮН КЫЛГАН УЛУУ ИШТЕРИНИН БААРЫН КӨРГӨН АКСАКАЛДАРДЫ УГУШТУ.
БИРОК КИЙИНЧЕРЭЭК КУДАЙДЫ ТААНЫБАГАН, АНЫН ЫСРАЙЫЛГА КЫЛГАН ИШТЕРИН БИЛБЕГЕН БАШКА МУУН ӨСҮП ЧЫКТЫ.
БАШКАРУУЧУЛАР 2:7-10


ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ КАЙРАДАН ЭСКИ КӨНДҮМДӨРҮНӨ КАЙТА БАШТАГАНДЫКТАН, АЛАРДЫН ЖОЛУНДАГЫ ЭЛДЕРГЕ ТИЙГЕН ЭМЕС.
ЫСРАЙЫЛДЫКТАРДЫ СЫНОО ҮЧҮН, ТЕҢИРДИН МУСА АРКЫЛУУ АТА-БАБАЛАРЫНА БЕРГЕН ОСУЯТЫНА АЛАРДЫН БАШ ИЕР-ИЙБЕСИН БИЛИШ ҮЧҮН КАЛТЫРЫЛГАН.
ЖАҢЫ МУУНДУ СЫНОО ҮЧҮН, ТЕҢИРДИН МУСА АРКЫЛУУ АТА-БАБАЛАРЫНА БЕРГЕН ОСУЯТЫНА АЛАРДЫН БАШ ИЕР-ИЙБЕСИН БИЛИШ ҮЧҮН, КОШУНА ЭЛДЕР КАЛТЫРЫЛГАН.
ЖАШЫЯ КИТЕБИНДЕ ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ БҮТКҮЛ ЖҮРӨГҮ МЕНЕН КУДАЙДЫН АРТЫНАН ЭЭРЧИГЕН ДА, ДАЙЫМА ЖЕҢИШТЕРГЕ ЖЕТИШКЕН.
БИРОК БАШКАРУУЧУЛАР КИТЕБИНДЕ ЫСРАЙЫЛ ЭЛИНИН ТИЛ АЛБАСТЫГЫ МЕНЕН КЫЙРООЛОРУ ТУУРАЛУУ АЙТЫЛАТ.
ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫ БАШКА ЭЛДЕРДИН КЫЗДАРЫН АЯЛДЫККА АЛЫП, ӨЗДӨРҮНҮН КЫЗДАРЫН АЛАРДЫН УУЛДАРЫНА БЕРИП, АЛАРДЫН КУДАЙЛАРЫНА КЫЗМАТ КЫЛА БАШТАШТЫ.


ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ КУДАЙДЫ ТАШТАП, ЭҢ ЧОҢ КАТА КЕТИРИШТИ.
ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ КУДАЙДЫ ТАШТАП, ЭҢ ЧОҢ КАТА КЕТИРИШТИ.
АШЕЙРА, МАГА ЭРКЕК УУЛ БЕРЧИ. МЕНИН ТУКУМУМДУ БАТАЛА.
БААЛ МЕНИН ҮЙҮМДҮН ТЕҢИРИ. АЛ АБА ЫРАЙЫН КӨЗӨМӨЛДӨЙТ, МЕНИН ТҮШҮМҮМДҮ БАТАЛАЙТ.
КИМ АЗЫР КӨРҮНБӨГӨН КУДАЙГА ТАБЫНМАК ЭЛЕ?
АШЕЙРА КУДАЙЫБЫЗДЫН АЛДЫНДА МИЛДЕТИБИЗДИ АТКАРЫШЫБЫЗ КЕРЕК.
БУЛ ЭРКЕКТЕРДЕН ТӨРӨЛГӨН УУЛДАР КҮЧТҮҮ ЖАНА УЛУУ БОЛУШАТ.
МЕН САГА АЙТПАДЫМ БЕЛЕ, КАНААНДЫКТАР БИР НЕРСЕНИ БИЛИШЕТ.
ТУУРА АЙТАСЫҢ! БИЗДИН АТА-БАБАЛАРЫБЫЗДЫН КУДАЙЫНА ТАБЫНУУ ЭСКИРДИ ЭМИ.
МАГА МЫНДАЙ ТАБЫНУУ АБДАН ЖАГАТ.


ЭЛ – КАНААНДЫКТАРДЫН КУДАЙЫ БОЛЧУ. АЛ БУЗУКУЛУКТУН ЖОГОРКУ ЧЕГИНИН КУДАЙЫ ЖАНА КАНГА ТОЙБОГОН ТИРАН ЭЛЕ.
АНЫН УУЛУ БААЛ “АСАМАНДЫН КУДАЙЫ” БОЛУП, АБА ЫРАЙЫ МЕНЕН БОРООНДУ КӨЗӨМӨЛДӨЧҮ.
ЭЛ АГА КЕЛИП ТҮШҮМДҮ МОЛ КЫЛЫП, ЭГИНИН САКТАШЫН СУРАШАТ.
ЭЛ ЫПЛАС ЖӨРӨЛГӨЛӨРДҮ КЫЛУУ МЕНЕН АГА КУРМАНДЫК КЫЛЫШЧУ.
АНЫН ЧАТЫРЫНДА ЭРКЕК МЕНЕН АЯЛДАР АР КЫЛ ЫПЛАС ИШТЕРДИ КЫЛЫШЧУ.
АНЫН АЯЛЫ-КАРЫНДАШЫ АШЕЙРА СОГУШТУН ЖАНА ТӨЛЧҮЛДҮКДҮН КУДАЙЫ ЭЛЕ.
ОШОНДОЙ ЭЛЕ, ЖЕРГИЛИКТҮҮ КУДАЙЛАР ЖАНА БАШКА ЭЛДЕРДИН КӨП КУДАЙЛАРЫ БАР ЭЛЕ.
БАШКАРУУЧУЛАР 3:1-6


ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ ӨЗҮНҮН КУДАЙЫНАН БАШ ТАРТКАНДЫКТАН, КУДАЙ АЛАРГА ЖЕТИ МӨӨНӨТКӨ СОЗУЛГАН КЫЙЫНЧЫЛЫКТЫ ЖИБЕРДИ…
БИРОК ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫ ТЕҢИРГЕ БОЗДОП КАЙРЫЛЫШКАНДА, АЛАРДЫ КУТКАРА ТУРГАН КУТКАРУУЧУ ЖИБЕРИП ТУРДУ.
МЕСОПОТАМИЯ ПАДЫШАСЫ КУШАН-РИШАТАЙЫМ ЫСРАЙЫЛДЫКТАРДЫ СЕГИЗ ЖЫЛ ЭЗДИ.
БУЛ САРАҢ ПАДЫШАДАН АЗЫК-ТҮЛҮГҮМДҮ КАТЫП ЖАТЫП ТАЖАДЫМ.
БИЗДИН ТАМАГЫБЫЗДЫ ДА, АЯЛДАРЫБЫЗДЫ ТАРТЫП АЛЫП ЖАТАТ.
КУДАЙ БИЗДИ КАЛТЫРГАНЫ ҮЧҮН КААРДАНЫП ЖАТАТ.
ЭГЕР БАШКА КУДАЙЛАРГА ТАБЫНСАК УШУНДАЙ БОЛОРУН МУСА ЭСКЕРТКЕН ЭЛЕ.
ЖЕТИШЕТ…
ОШОНДО ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫ ТЕҢИРГЕ БОЗДОП КАЙРЫЛЫШТЫ. ТЕҢИР АЛАРДЫ КУТКАРГАН КУТКАРУУЧУНУ КОЙДУ, АЛ КАЛЕПТИН ИНИСИ КЕНАЗДЫН УУЛУ ОТНИЕЛ БОЛЧУ.
ОТНИЕЛДИН АРТЫНАН БАРАЛЫ. ТЕҢИРДИН РУХУ АНДА.
ТЕҢИР АНЫН КОЛУНА МЕСОПОТАМИЯ ПАДЫШАСЫ КУШАН-РИШАТАЙЫМДЫ САЛЫП БЕРДИ, 12 УРУУДА КЫРК ЖЫЛ ТЫНЧТЫК БОЛДУ.


БУЛ ЖЕРДЕ БИЗДИ ЭЧ КИМ КӨРБӨЙТ.
МЕН АШЕЙРАДАН МАГА УУЛ БЕРИШИН СУРАЙМ.
ОТНИЕЛ КӨЗ ЖУМГАН СОҢ ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫ ТЕҢИРДИН АЛДЫНДА КАЙРАДАН ЖАМАН ИШТЕРДИ КЫЛА БАШТАШТЫ.
КЫЙЫНЧЫЛЫКТАРДЫН ЭКИНЧИ МӨӨНӨТҮ МААП ПАДЫШАСЫ ЭГЛОН УЧУРУНДА БАШТАЛДЫ.
АМОНДУКТАР МЕНЕН АМАЛЫКТЫКТАР ДА ЭГЛОНГО КОШУЛУП ЫСРАЙЫЛ ЭЛИН ЭЗИШТИ.
МЕН БОЛДУ ЧЫДАЙ АЛБАЙМ.
БИЗДИН БАРДЫК ЭГИНИБИЗДИ АЛЫП КЕТИШТИ.
...ЖАНА БИЗДИН КЫЗДАРЫБЫЗДЫ.
БИЗ АЛАРГА КЫЗМАТ КЫЛГАН АЯНЫЧТУУ КУЛДАРБЫЗ. ТЕҢИРИМ, БИЗГЕ ЖАРДАМ ЭТЕ КӨР.
ЭГЛОНГО ОН СЕГИЗ ЖЫЛ КУЛ БОЛУШКАНДЫКТАН КИЙИН, ТЕҢИР АЛАРДЫ КУТКАРУУГА БЕНЖЕМИН УРУУСУНАН КУТКАРУУЧУ СОЛОГОЙ ЭЙУТТУ КОЙДУ.


ЭЙУТ ЕВРЕЙ ЭЛИНЕН БЕЛЕК АЛЫП КЕЛИПТИР.
ПАДЫШАГА АЙТЫП БАРГЫЛА. АЛ ҮЧҮН АБДАН МААНИЛҮҮ ЖАШЫРУУН СӨЗҮМ БАР.
ПАДЫША, САГА АЙТА ТУРГАН ЖАШЫРУУН СӨЗҮМ БАР
ТЫНЧТАНГЫЛА! БААРЫҢАР ЧЫГЫП КЕТКИЛЕ.
МЕНИН КАБАРЫМ БАР...
БАЛКИМ, АЛ БАШКА ЫСРАЙЫЛДЫКТАР КАТЫП КОЙГОН АЛТЫНДЫН ЖЕРИН БИЛЕТ...
...КУДАЙДАН
...СЕН ҮЧҮН


МЫНА СЕНИН КАБАРЫҢ!
КЫЛЫЧ САБЫ МЕНЕН КОШО КИРИП КЕТТИ, АНЫ КАЗЫСЫ ЖААП КАЛДЫ.
АЛ МУКТАЖДЫГЫН КАНААТТАНДЫРУУ ҮЧҮН САЛКЫН БӨЛМӨДӨ БОЛСО КЕРЕК.
АЛАР КӨПКӨ КҮТҮП ТУРГАНДА, ЭЙУТ УЗАП КЕТТИ.


ЫСРАЙЫЛ ЭЛИ ДҮЙНӨНҮН АР БУРЧУНАН ЧОГУЛУП, ЭЙУТТУН АРТЫНАН ЭЭРЧИШТИ. ОШОЛ УЧУРДА МААПТЫКТАРДЫН ОН МИҢГЕ ЖАКЫН КИШИСИН КЫРЫП, ЖЕРЛЕРИН КАЙТАРЫП АЛЫШТЫ.
ӨТКӨӨЛДӨН АЛАРДЫ КАРМАП АЛГЫЛА. ИОРДАН ДАРЫЯСЫН БИР ГАНА ОШОЛ ЖЕР АРКЫЛУУ ӨТҮШӨТ.
ЖЕР ҮСТҮНДӨ 80 ЖЫЛ ТЫНЧТЫК БОЛДУ.
АНДАН КИЙИН ШАМГАР БАШКАРУУЧУ БОЛДУ. АЛ ӨГҮЗ АЙДАГАН УЧТУУ ТАЯК МЕНЕН ПЕЛИШТИЛИКТЕРДИН АЛТЫ ЖҮЗ КИШИСИН ӨЛТҮРДҮ. АЛ ДА ЫСРАЙЫЛДЫКТАРДЫ КУТКАРЫП КАЛГАН.


80 ЖЫЛ ӨТКӨН СОҢ ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫ ТЕҢИРДИН КӨЗ АЛДЫНДА КАЙРАДАН ЖАМАН ИШТЕРДИ КЫЛА БАШТАШТЫ.
БУЛ ЖОЛКУСУНДА ТЕҢИР АЛАРДЫ ХАТСОРДО БИЙЛИК КЫЛГАН КАНААН ПАДЫШАСЫ ЖАБИНДИН КОЛУНА САЛЫП БЕРДИ.
ЖАБИН АЁСУЗ БИР ИНСАН ЭЛЕ.
АЛ ӨЗҮНҮН БИЙЛИГИН БЕКЕМДӨӨ ҮЧҮН 900 МАЙДАН АРАБАЛАРЫ ЖАНА КӨП САНДАГАН АСКЕРЛЕРИ БАР СИСРА ДЕГЕН АСКЕР БАШЧЫСЫН КОЛДОНДУ.
АНЫН АСКЕРЛЕРИ АБДАН КҮЧТҮҮ ЭЛЕ. ОШОНДУКТАН, АЛ ЫСРАЙЫЛ УУЛДАРЫН ЖЫЙЫРМА ЖЫЛ АЁСУЗ ЭЗДИ.




БАШКАРУУЧУЛАР 4:4-6


КУЛУҢУЗ БАРАКТЫ ЧАКЫРТЫПСЫЗ.
КУДАЙ МАГА БУЙРУК БЕРДИ.
БАР, НАПТАЛЫ МЕНЕН ЗАБУЛУНДУН УУЛДАРЫНАН ОН МИҢ АДАМ АЛЫП, ТАБОР ТООСУНА ЧЫК.
ТЕҢИР ЖАБИНДИН АСКЕР БАШЧЫСЫ СИСРАНЫ МАЙДАН АРАБАЛАРЫ ЖАНА КӨП САНДАГАН АСКЕРЛЕРИ МЕНЕН САГА, КИШОН ДАРЫЯСЫНА АЛЫП КЕЛИП, СЕНИН КОЛУҢА САЛЫП БЕРЕТ.
ЭГЕРДЕ СЕН МЕНИ МЕНЕН БАРСАҢ, БАРАМ, ЭГЕРДЕ СЕН МЕНИ МЕНЕН БАРБАСАҢ, БАРБАЙМ.
АБДАН ЖАКШЫ.
СЕНИ МЕНЕН БАРАРЫН БАРАМ, БИРОК СЕН БУЛ СОГУШТА АТАККА ЭЭ БОЛБОЙСУҢ. ТЕҢИР СИСРАНЫ АЯЛДЫН КОЛУНА САЛЫП БЕРЕТ.




БАШКАРУУЧУЛАР 4:10


СОГУШТАН АЛЫСЫРААК ЭМЕН ТОКОЮНДА ХЕБЕР ЖАНА АНЫН АЯЛЫ ЖАЕЛ ЖАШАШЧУ.
АЛАР МУСАНЫН АЯЛЫ СЕПОРА АРКЫЛУУ АГА ТУУГАН ЭЛЕ.
АЛАР КӨЧМӨН КАЛК БОЛГОНУ МЕНЕН, ЫСРАЙЫЛ ЭЛИНИН АРАСЫНДА ЖАШАП, АЛАР МЕНЕН ЖАКШЫ МАМИЛЕДЕ БОЛЧУ.
СИСРАНЫН АРМИЯСЫ ЧЕБИНЕН ЧЫГЫП, СОГУШКА АТТАНЫШТЫ.
АКЫРЫ КЫЗЫКТУУ САЛГЫЛАШКА ТУШ КЕЛДИК. КАНЧА АДАМДЫН КАНЫН АККАНЫН КӨРӨБҮЗ.


АЛАРДЫН 10 000 КИШИСИ БАР ДЕГЕН КАБАРЫМ БАР.
ЖАКШЫ. ОН МИҢИН ОҢОЙ ЭЛЕ ТЕМИР АРАБАЛАРЫМ МЕНЕН ЖАНЧЫП КОЕМ.
АЛАРДЫН ЭЧ БИР МАЙДАН АРАБАСЫ ЖОК.
КАНДАЙ СОНУН.


ЫСРАЙЫЛ АСКЕРЛЕРИ, МЫНДАЙ ДЕГЕНГЕ ДА ООЗ БАРБАЙТ, ТАБОР ТООСУНДА ЧОГУЛУШТУ.
АЛ ӨРӨӨН СОГУШ ҮЧҮН ЭҢ СОНУН ЖЕР.
КАН КАНДАЙ ТӨГҮЛӨРҮН КӨРҮП АЛГЫЛА, ЫРАХАТ АЛГЫЛА.


СИСРА МЕНЕН АНЫН АРМИЯСЫ БУГА ЧЕЙИН ЖЕҢИЛИП КӨРГӨН ЭМЕС.
БИРОК БҮГҮН БИЗ ЖЕҢЕБИЗ. БАР! КУДАЙ СЕНИН КОЛУҢА СИСРАНЫ САЛЫП БЕРДИ. СЕНИН АЛДЫҢДА КУДАЙ БАРА ЖАТКАН ЖОКПУ?







БАШКАРУУЧУЛАР 4:15


ЖААН ЖААБАСЫН! БИЗ АЗЫР КУРГАК ЖЕР ТАБЫШЫБЫЗ КЕРЕК.
БИЗДИН ТЕМИР АРАБАЛАРЫБЫЗ МЫНДАЙ ЖЕРДЕН ЖҮРӨ АЛБАЙТ.
МЫНДАЙ АБА ЫРАЙЫНДА КЫЛА АЛБАЙБЫЗ.
ЧЫНЫНДА ЫСРАЙЫЛ ЭЛИНИН КУДАЙЫ АБА ЫРАЙЫН ӨЗГӨРТҮҮЧҮ.
ТАРС
КИШОН ДАРЫЯСЫ БИЗГЕ КЕЛЕ ЖАТАТ…
ЫСРАЙЫЛДЫН КУДАЙЫ БИЗГЕ КАРШЫ СОГУШУП ЖАТКАНЫН БИЛЕБИЗ ЭМИ…
…БАРДЫК АСКЕРЛЕРИБИЗДЕН КОЛ ЖУУП КАЛМАЙЫНЧА ЧЕГИНГИЛЕ АРТКА.


УУУУХХХ
АСКЕРЛЕР МЕНЕН БИРГЕ КАЛЫП, АЛАРДЫ АРТКА ЧЕГИНДИР.
МЕН БОЛСО АЗЫР ЖАШЫРЫНЫП КАЛАМ. КИЙИНЧЕРЭЭК АСКЕРЛЕРГЕ КОШУЛАМ.






БАШКАРУУЧУЛАР 4:16-17


СЕН ЖАБИН ПАДЫШАНЫН КОЛ БАШЧЫСЫ СИСРА ЭМЕССИҢБИ?
ООБА, МЕНМИН.
БИЗДИН ПАДЫША МЕНЕН СИЛЕРДИН КЕЙИНИ УРУУСУ ӨЗ АРА ЫНТЫМАКТУУ.
ТУУРА АЙТАСЫЗ.
АНДА СЕН МЕНИ ЧАТЫРЫҢАРГА ЖАШЫНДЫР. ЫСРАЙЫЛДЫКТАР МЕНИ ЭЧ КАЧАН ЧАБАНДЫН ЧАТЫРЫНАН ИЗДЕБЕЙТ.
КИР МЫРЗАМ, КИР МЕНИН ҮЙҮМӨ, КОРКПО.
МАГА ИЧКЕНГЕ СУУ БЕРЧИ, ТАҢДАЙЫМ КУРГАП ТУРАТ.
БУЛ ЭЧКИНИН СҮТҮ, АЛ СОГУШТАН КИЙИН САГА КҮЧ БЕРЕТ.
ЧАТЫРДЫН ООЗУНДА ТУР, ЭГЕРДЕ КИМДИР БИРӨӨ КЕЛИП, СЕНДЕН: “МЫНДА КИМ БАР?” – ДЕП СУРАП КАЛСА, “ЭЧ КИМ ЖОК” ДЕ.






БАШКАРУУЧУЛАР 4:21




БАШКАРУУЧУЛАР 4:22-24


ОШОЛ КҮНҮ ДЕБОРАНЫН ЫРЫН ТӨМӨНКҮДӨЙ ЫРДАШТЫ:
ЫСРАЙЫЛДЫН БАШЧЫЛАРЫ КЕГИН АЛДЫ, КАЛАЙЫК ЫНТАЛУУЛУК КӨРСӨТТҮ. ТЕҢИРДИ ДАҢКТАГЫЛА!
ПАДЫШАЛАР, КУЛАК САЛГЫЛА! ТӨРӨЛӨР, КӨҢҮЛ БУРГУЛА! МЕН ТЕҢИРГЕ ЫРДАЙМ!
ЫСРАЙЫЛДЫН КУДАЙЫ АЛДЫНДА ЖЕР МЕНЕН ТОО СОЛКУЛДАГАН.
МЕН, ДЕБОРА, ЫСРАЙЫЛДАГЫ ЭНЕ, ОРДУНАН ТУРГАНГА ЧЕЙИН, ЫСРАЙЫЛДЫН КЫШТАКТАРЫНДА ЭЧ КИМ ЖАШАБАЙ КАЛГАН.
АЛАР ЖАҢЫ КУДАЙЛАРДЫ ТАНДАП АЛЫШКАНДА, ДАРБАЗА АЛДЫНДА СОГУШ БОЛДУ.
КАНААН ПАДЫШАЛАРЫ МЕГИДО СУУЛАРЫНЫН ЖАНЫНДАГЫ ТАНАХТА САЛГЫЛАШЫШТЫ, БИРОК КҮМҮШ ОЛЖОЛОП АЛЫШКАН ЖОК.
АСМАНДА ЖЫЛДЫЗДАР САЛГЫЛАШЫШТЫ, АЛАРДЫ КИШОН ДАРЫЯСЫ АГЫЗЫП КЕТТИ.
ТЕҢИР, СЕНИН КАС ДУШМАНДАРЫҢ МЫНА УШИНТИП ЖОК БОЛСУН!
ТЕҢИРДИ СҮЙГӨНДӨР БОЛСО БАРДЫК КҮЧ-КУБАТЫ МЕНЕН ЖАРКЫРАП ЧЫККАН КҮНДӨЙ БОЛСУН!
ОШЕНТИП ЖЕР ЖҮЗҮНДӨ ДАГЫ 40 ЖЫЛ ТЫНЧТЫК ӨКҮМ СҮРДҮ.

"THE BIBLE EXPLAINED
IN EVERY LANGUAGE."








**SUPERBIBLE.TV**